БЕКИТЕМИ
МЕКТЕП МУДУРУ
Абдырахманова С.К

# М.Шейшеналиев атындагы жалпы билим беруу орто мектебинде соц педагогтун 2021-2022-окуу жылына карата жылдык анализ

Социалдык педагогунун иши 2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн пландын негизинде жүргүзүлдү. Жакшы натыйжаларга жетүү үчүн социалдык педагог төмөнкү багыттарга басым жасайт:

1. Социалдык педагогдун жобосу, укуктары, милдеттери, жоопкерчилиги

   ишти пландаштыруу, жылдык, айлык пландарды иштеп чыгуу.

   Бардык курактагы балдардын социалдык жана жекече көйгөйлөрүн аныктоо максатында социалдык педагогикалык изилдөө жүргүзүү.

4. Окуучулардын жеке укугун коргоо.

5. Окуучулардын инсандыгын формалаштыруу, үй-бүлөгө социалдык педагогикалык жардам берүү.

6. Жаштарга жана карыларга кайрымдуулук иштерин жүргүзүү.

7. Окуучулардын социалдык укугун коргоо.

8. Окуучулардын социалдык баалуулуктарын аныктоо.

1. **Документтерди жаңылоо, тактоо, түзүү.**

# М.Шейшеналиев атындагы жалпы билим беруу орто мектебинде 2020-2021-окуу жылында жургузулгон тарбия иштеринин жылдык анализи.

2020-2021-окуу жылынын тарбия иштери 2019-2020-жылдарга карата түзүлгөн окуучуларды тарбиялоонун концепциясын ишке ашыруу жана окуучуга жашоого кереk боло турган коомдук-социалдык тажрыйбаларды өздүк тажрыйбага айландыруу максатында, төмөнкү программанын негизинде жүргүзүлдү:

-окуучуга жашоого керек болгон коомдук-социалдык тажрыйбаларды өздүк тажрыйбага айландыруу;

-окуучулардын дүйнөгө илимий көз карашын, туура ынанымын калыптандыруу;

-адабий, илимий булактар менен өз алдынча иштөөгө үйрөтүү;

-окуучуларды коллективизмге тарбиялоо, жеке ишти коллективдик иш менен айкалыштырууга үйрөтүү;

-мектепте тарбиялык иштерге бирдиктүү талап коюу,системалуулукту камсыз кылуу, ар бир окуучуга педагогикалык көмөк көрсөтүү, окуучулардын адептик-рухий сапаттарын калыптандыруу, алардын физикалык, психикалык, рухий соолугуна камкордук көрүү. Республикада ар кандай коомдор бар шартта туура багыт көрсөтүү, аң сезимдүү чечим чыгарып, өз проблемасын өз алдынча чечүүгө, турмуштук туура позицияга ээ болууга үйрөтүү, азыркы социомаданий шартка ыңгайлашууга жөндөмдүү ыймандуу инсанды калыптандыруу.

**Концепциянын негизинде тарбия иштери төмөнкү багыттарда жүргүзүлдү:**

1. Жарандык патриоттук тарбия;
2. Нравалык-эстетикалык тарбия;
3. Экологиялык жана эмгекке тарбиялоо;
4. Ден соолукту чыңдоо тарбиясы, жашоонун сергек мүнөзүн пропогандалоо;
5. Мектепте жана класста өзүн-өзү башкаруу;
6. Көп маданияттуулукка тарбиялоо;
7. Эстетикалык тарбия;
8. Балдарды тарбиялоодогу ата-энелердин ролун жогорулатуу.

2. Укук бузуулардын алдын алуу боюнча жылдык план;
3. 2020-2021 –окуу жылындагы окуучулар менен алып баруучу иштердин планы;
4. 2020-2021 - окуу жылындагы социалдык педагогдун жаш өспүрүмдөр тескөөчүсү менен алып баруучу иш-чаралардын планы;
5. 2020-2021-окуу жылындагы социалдык педагогдун жана мектеп психологунун биргелешкен иш планы;
6. Жашы жете элек балдарга карата зомбулук жана катуу мамиле, жайсыз үй-бүлөлүк мамилелердин алдын алуу боюнча иш-чаралардын планы;
7. Каттоодо турган балдар менен алып баруучу иштеринин планы;
8. Зыяндуу көндүмдөрдүн алдын алуу боюнча иш планы;
9. Мамлекеттик маалымат банкын түзүү жана окучулардын инсандыгын формалдаштыруу.

2. **Социалдык педагогдун адеп кодекси, «ишеним почтасы».**

Социалдык адеп кодекси менен таанышу жана негизги соц. педагогдун принциптерин сактоо, жекече мамиле жасоо, балага ишеним берүү, калыстык мамиле жасоо.

«Ишеним почтасын» уюштуруу иш чаралары жүргүзүлдү.

1. Ишеним почтасы мектептин биринчи этажында орноштурулду.
2. Окуучуларга ишеним почтасы иштеп баштады деген маалымат- класс жетекчилер
3. Ишеним почтасы сентябрь айында иштеп баштады.

3. **Окуучулардын социалдык абалын аныктоо**

Окуучулардын социалдык абалы такталып, толуктоолор киргизилип, төмөнкү тизме түзүлдү:

1. Көп балалуу
2. Аз камсыз
3. Тоголок жетим
4. Жарым жетим
5. Толук эмес үй-бүлө
6. Ата-энеси чет өлкөдө
7. Бирөөнүн колунда
8. Ички мигрант
9. Апасы өзү тарбиялайт
10. Атасы өзү тарбиялайт
13. Атасы иштейт
14. Апасы иштейт
15. Атасы инвалид
16. Апасы инвалид
17. Инвалид окуучу
18. Иштеген окуучу
19. Бекер тамактанат
20. Мечитке барган окуучу
21. 5маал намаз окуган окуучу
22. Ата-энеси аскер кызматкер
23. Атасы Афган окуясына
24. Атасы Баткен окуясына
25. Атасы 7-апрель
26. Үйлөрү менчик
27. Квартирада турат
28. Ата-энеси пенсионер
29. Сырткы мигрант

Класст жетекчилер менен бирге тыгыз байланышта иштешип, ар бир класстын социалдык паспорту түзүп, аныктоочу копиялары такталып, социалдык абалы боюнча тизмелер алынды.

Тизмелер анализге алынып, 2021-2022-окуу жылындагы социалдык паспорту такталды.

4. **Ата – энелер менен жекече иштөө:**

**Милдеттер:**

1. Баланы тарбиялоо
2. Окутуу
3. Сабактарына катышуу
4. Окуу процессинде пайда болгон көйгөлөрдү чечүү усулдары менен бөлүшүү.

Тартип, эрежелерди, укук бузган, сабактан жетишпеген окуучулардын ата – энелери менен өзгөчө профилактикалык аңгемелешүү жүргүзүлдү, жана консультация берилди. Ангемелешүүнун жыйынтыгына жараша ата энелерге тийешелү кеп- кеңеш берилди. Социалдык картага аңгемелешүүнүн жыйынтыгына тиешелүү натыйжалар киргизилди.

1. Социалдык картасы менен таанышуу;
2. Куратору менен аңгемелешүү;
3. Үй-шартын соц абалын изилдөө (рейд);
4. Окуучуларга түшүндүрүү иштер жүргүзүү;
5. Окуучуга мотивация берүү (ийримдерге тартуу);

Жыл ичинде мектеп соц. педагогу, класстын кураторлору менен чогу жайсыз үй-бүлөлөрдүн, ички көзөмөлдө, сабактан жетишпеген жана коркунуч топтог турган балдардын үйлөрүнө социалдык абалын изилдөө максатында рейд жүргүзүлдү. Ата-энелерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, балдардын окуусу үчүн түзгөн шарттары текшерилди. Окуучулардын жүрүм – турумуна байланышкан кыйынчылыктарды, чыр – чатактуу кырдаалдарды, жүрүм-турумундагы кемчиликти аныктоо максатынды кээ бир үй-бүлөлөргө аныктоо жүргүзүлдү. КДНдин каттосунда турган үй – бүлөлөргө изилдөө, байкоо жүргүзүлүп, алардын кураторлорунан жеке мүнөздөмө алынып, соц-психологиялык баракчалары толтурулду

Көзөмөлдө турган окуучулардын социалдык картасы менен таанышып, класс жетекчилерге

жеке мүнөздөмө алынды. 6 кл-8 окуучусу, 9т -1 окуучунун үйлөрүнө рейд жүргүзүлдү.

Рейддин максаты:

1. Сабактан жетишпеген окуучулар менен класс жетекчи жекече иштөөсү.
2. Окуучулардын үйлөрүнө барып аңгемелешүү жүргүзүү

Окуучулардын ата-энелери менен аңгемелешип жыйынтыгында тиешелүү натыйжалар киргизилди.

Мектептин ички көзөмөлүндөгү «Коркунуч» тобундагы, КДНдин каттосундагы окуучуларга изилдөө, байкоо жүргүзүлүп, алардын соц-психологиялык өздүк каттоо баракчалары толтурулду. Өзгөчө көзөмөл жүргүзүү жана жардам берүү максатында тийиштүү кызматтар менен жолугушуулар уюштурулду. Социалдык жана психологиялык жардам берүү максатында үйлөргө барып үй-бүлөнү байкоо, изилдөө иштери жүргүзүлдү.

Ички көзөмөлдө турган окуучулар менен жеке алдын алуу аңгемелешүүлөр жүргүзүлдү (мектептин уставы менен тааныштыруу, укук бузуучулук иш аракеттери жөнүндө). Гимназия ичиндеги ар түрдүү кружокторго, секцияларга, иш чараларга, тренингдерге, мектептин коомдук иштерине тартылды.

6. **Сабактан жетишпеген окуучулар менен иш алып баруу.**

Окуучулардын социалдык баалуулугун колдоо, сергек жашоого калыптандыруу жана айлана чөйрөгө болгон кызыгуусун арттыруу менен аяр мамиле жасоого багыт берүү максатында, төмөнкү иш чара жүргүзүнү туура деп чечтик.

Сабактан жетишпеген окуучулар менен аңгемелешүү жүргүзүлүп, жыйынтыгында тийешелүү натыйжалар киргизилип тиешелүү иш чараларды ишке ашырдык.

Окуучуларга мотивация берүү максатында «Футбол» ийрим жетекчиси менен бирдикте мектеп ичинде 8-10-класстардын арасында таймашуу уюштурулду.

Өткөрүлгөн иш чаралар төмөнкүдөй жыйынтык берди.

«Келгиле окуйбуз» долбооруна биздин активдүү окуучулар катышышты жана ички

**Тартип бузуулардын алдын алуу иш-чаралары.**

1. Окуучулардан анкета алуу.
2. Психологиялык кызматын активтештирүү.
3. Алкоголдук ичимдик, тамеки, насвай чегүү темасындагы сурамжылоо анкеталарды алуу.
4. «Менин укугум» деген темада лекция өткөрүү.
5. «Жоопкерчилик деген эмнеден башталат?» деген темада интеллектуалдык дебат өткөрүү.

Сурамжылоо анкеталардын жыйынтыгы.

Окуучулардын зыяндуу заттар жөнүндө маалыматы канаттандыралуу деп жыйынтыктадык. Окуучулар ата – энелери жаңы чыккан зыянду заттар жөнүндө толук малыматы жок экендиги жөнүндө окуучулар семинарларда билдиришти. Снюз, вейп (электрондук сигарета), энергетикалык ичимдиктердин зыяндуулугу жөнүндө ата - энелерге маалыматты кенен берүү керек деп чечтик. Ата энелердин чогулушунда маалымат таркатуу жана алдын алу иш чаралары жүргүзүлдү.

**Жыйынтык:**

Жыл ичинде окуучулардын социалдык базасын жыйноо процесси ишке ашырылды, диагностикалык материалдык базаны толтурулду: анкеталар, тесттер, тарбия усулдардын жаңы иштелмелер чогултулду.

Иш чаралар учурунда юридикалык тараптан суроолор пайда болот, ата-энелерге жана кураторлорго мыйзам чегиндеги маалыматтар берилип, маалымат банкы толукталды.

Ар бир класстын социалдык паспорту түзүлүп, класстын социалдык паспорту такталды.

«Ишеним почтасы» уюштурулду

Тартип, эрежелерди, укук бузган, сабактан жетишпеген окуучулардын ата –энелери менен өзгөчө профилактикалык аңгемелешүү жүргүзүлдү жана консультация берилди.

Мектептин ички көзөмөлүндөгү «Тобокел» тобундагы, КДНдин каттосундагы окуучуларга изилдөө, байкоо жүргүзүлүп, алардын соц-психологиялык өздүк каттоо баракчалары толтурулду

Окуучулардын социалдык баалуулугун колдоо, гуманитардык жана социалдык коргоо үчүн төмөнкү кызматташуу жүргүзүлдү.

1. Мугалимдерге моралдык жана рухий маданият берүү усулдарын толуктап алышты.
2. Үй-бүлөдө жашоо шарты оор экендиги байкалган УКГнын окуучуларына жаш жана эмгек жамаатына гуманитардык булактарды тартуу максаты ишке ашырылды.
3. Ички көзөмөлдөгү окуучулардын социалдык баалуулугун колдоо үчүн жүргүзүлгөн иш-чаралардын жыйынтыктары жакшы көрсөткүч берди..
4. Мотивациялык трениндер өзүнө ишенүү багытты берди.